“Бекитилди”
Ж.Баласагын ат. КУУнун
Окумуштуулар кеңешинин
токтому менен, 2023-жылдын

Кеңештин төрагасы, ректор,
проф. Т.А.Абдырахманов

______________________________

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Герби, Желеги жөнүндө**

**Ж О Б О**

1. Жалпы жоболор.
2. КУУнун Гербин, Желегин иштеп чыгууда, даярдоодо коюлуучу талаптар.
3. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Гербин, Желегин иштеп чыгуучулар жөнүндө.
4. Өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүүнүн тартиби. Ушул Жобонун аракети.

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары текстте – КУУ) Герби, Желеги жөнүндөгү ушул Жобосу конкурска көрсөтүүнүн тартибин, талаптарын жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо процедурасын жөнгө салат.

**1.2.** КУУнун Герби, Желеги Университеттин негизги символдору болуп эсептелет жана аларга өзгөчө мамиле талап кылынат.

## 2. КУУнун Гербин, Желегин иштеп чыгууда, даярдоодо коюлуучу талаптар

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Герби, Желеги жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мыйзамына ылайык иштелип чыгуусу керек;
2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Герби, Желеги Кыргыз Республикасынын Желегине түспөлдөш болуусу зарыл;
3. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Герби, Желеги окуу жайдын башкы стратегиялык багыты менен үндөшүп туруусу кажет;
4. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Герби, Желеги КУУ өлкөбүздөгү эң алгачкы окуу жайы жана ЖОЖдордун флагманы экендигин чагылдыруусу зарыл;
5. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Герби, Желеги билимдүү болуунун артыкчылыгын чагылдырып туруусу керек;
6. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Герби, Желеги окуу жайдын 100 жылдык тарыхы менен үндөшүп туруусу зарыл;
7. Ж.Баласагын атындагы КУУ 1925-жылы негизделгенин эске алуу менен республикадагы алгачкы ЖОЖ жана окуу жайлардын флагманы экендиги эске алынсын.

### 2.1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Гербин, Желегин иштеп чыгуучулар жөнүндө

1. Жаш курактарына чектөө коюлбайт;
2. Жеке жана коллективдүү түрдө катышууга болот;
3. Кесиптерине жана адистиктерине чектөө коюлбайт;
4. Сынакка сунуш кылынган иштер А – 1 форматында болуусу керек;
5. Символдор үчүн сый акынын (гонорардын) көлөмү 50 (элүү) миң сом. *(Ар бир символ үчүн 25 (жыйырма беш) миңден);*

6. Университеттин символдору жөнүндөгү иштерге **эки тамга, үч цифрадан** турган атайын эн-белги коюлуусу зарыл;
7. Өзүнчө конфертке а). эн-белги, б). иштеп чыккан автордун/авторлордун ысым-жөндөрү жазылган барак салынат;
8. Конкурска сунушталган иштер 2023-жылдын 23-июнуна чейин Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547, 2-кабат, 242-кабинет дарегинде кабыл алынат.

## 3. Өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүүнүн тартиби. Ушул Жобонун аракети

**3.1.** Ушул Жобого өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүү КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча жүргүзүлөт.

**3.2.** Ушул Жобого өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүү жөнүндөгү чечим кабыл алынгандан кийин, алар милдеттүү түрдө колдонулат.

**3.3.** Ушул Жобо Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынгандан тарта иштей баштайт жана күчүнө кирет.